**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

---

БатМУнун Окумуштуулар
Кеңешинин "17" 12 2021-ж
№ 2 токтому менен
жактырылган.

"БЕКИТЕМИН"
БатМУнун ректору
э.и.д., профессор
_________ Ыязов А.Т.
"20" 12 2021-ж

# Баткен мамлекеттик университетинин Илим-изилдөө бөлүмүнүн иштери жөнүндө жобо

**2021-жыл**

Баткен мамлекеттик университетинин Илим-изилдөө бөлүмүнүн иштери жөнүндө

# Жобосу

## 1. Жалпы жоболор

**1.1** Баткен мамлекеттик университетинин (мындан ары-БатМУ) Илим-изилдөө бөлүмүнүн аткарылуучу иштери жөнүндөгү жобосу илим, илим-изилдөө тармагындагы саясатты ишке ашыруучу бөлүм болуп саналат.

**1.2** Бөлүм өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларына, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №119 токтому менен бекитилген КРнын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө жобого, ошондой эле ушул жобого ылайык БатМУнун Уставын, БатМУнун ректорунун Илим-изилдөө жаатындагы буйруктарын, университеттин илим-изилдөө иштери жөүндөгү иш-пландарын, программаларын жетекчиликке алып жүргүзөт.

**1.3** Бөлүм БатМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде чыгарылган ректордун буйругуна ылайык уюштурулат жана жоюлат.

**1.4** Бөлүмдүн юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Баткен шаары, И. Жусупов көчөсү, №21.

## 2. Илим-изилдөө бөлүмүнүн негизги милдеттери жана функциялары

**2.1** Илим-изилдөө бөлүмүнүн негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Ушул жободо аныкталган милдеттерди жана иш-аракеттерди толугу менен аткаруу;
- Илим-изилдөө жаатында БатМУнун саясатын жүзөгө ашырууну камсыздоо;

- Университетте илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн шарттарын жана механизмдерин түзүү;
- Илим-изилдөө иштеринин кайтарымынын натыйжасын жана ролун жогорулатуу;
- Бөлүмдүн негизги милдети болуп, окуу жайдын ички илим-изилдөө системасынын негизинде окуу жайды башкаруу боюнча бардык иштерди жүргүзүү жана көзөмөлдөө болуп эсептелет. Ошондой эле учур талап кылган илимий жактан такшалган мыкты адистерди даярдоо деңгээлинин сапатын жогорулатуу, университеттин окуу-усулдук жана илимий-инновациялык ишмердүүлүк жаатында илим-изилдөөнүн сапатын камсыз кылуу иш аракеттерин көзөмөлдөйт.
- Өз ишмердүүлүгүнүн университеттин комплекстүү өнүгүү жаатындагы программасын калыптандыруу жана илим-изилдөө иштерин үзгүлтүксүз өркүндөтүү планына ылайык жүзөгө ашыруу;
- Илим-изилдөө иштерине байланыштуу кээ бир маселелерди чечүүдө окуу-түзүмдүк бөлүмдөр менен бирге аракеттенүү жана аларга ар тараптуу көмөк көрсөтүү;

**2.2** Бөлүм өзүнүн алдына коюлган милдеттерди ишке ашыруу үчүн төмөнкү функцияларды аткарат:

- Бөлүм илим-изилдөө тармагындагы бирдиктүү саясатты ишке ашырууга багытталган мыйзамдардын жана башка ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун жана илим-изилдөө системасын өнүктүрүү тармагында стратегиялык багыттар боюнча сунуштарды иштеп чыгат;
- Илимий долбоорлорго заказдарды түзөт жана аларды каржылоо жөнүндө сунуштарды киргизет;
- Илимий конференцияларды, олимпиадаларды университеттик, республикалык, эл аралык деңгээлде жүргүзөт;
- Илимий долбоорлордун программаларынын аткарылышын көзөмөлгө алат;

## 3. Илим-изилдөө бөлүмүнүн укуктары

**3.1** Бөлүм төмөнкүлөргө укуктуу:

- Өз компетенциясынын чегинде университеттик милдеттүү болгон чечимдерди бекитет жана чыгарат;
- Мыйзам тарабынан ыйгарылган укук ченемдеринин чегинде окуу-түзүмдүк бөлүмдүк, факультеттик деңгээлде илимий стажировкаларынын ишмердүүлүгүнө текшерүү жүргүзөт;
- Профессордук окутуучу курамдын илимий иштеринин отчётун алат;

- Университеттик илимий иштерге бекитип берилген мүлктүн туура жана максаттуу пайдаланышын контролдойт;
- Окуу түзүмдүк бөлүмдөрдөн, факультеттерден илимий ишмердүүлүктөгү жумуштары: квалификациялык жумуштарын, курстук иштеринин аткарылуусу боюнча статистикалык жана башка маалыматтарды талап кылат жана алат;
- Окумуштуулар Кеңешине жана ректораттын өндүрүштүк Кеңешмесине Кеңештин компетенциясына кирген жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алууну талап кылган маселелер боюнча сунуштарды талкууга алып чыгуу;
- Ректоратка илим-изилдөө жаатындагы активдүү иш жүргүзгөн профессордук-окутуучуларды сыйлоо жөнүндө сунуштарды киргизүү;
- Окуу жайдын илитм-изилдөө системасын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу, анын натыйжалуулугун критерийлерин аныктоо;
- Илим-изилдөө системасынын эффективдүүлүгүн координациялоо;
- Илим-изилдөө иштери боюнча конференцияларды, семинарларды, тегерек столдорду өткөрүү;
- Университеттин өнүктүрүү концепциясына илим-изилдөө системасы боюнча сунуштарды даярдоо;

## 4. Бөлүмдү каржылоо

**4.1** Илим-изилдөө бөлүмүнүн иштерине байланышкан илимдин ар кандай тармактарына, окуу жайдын, студенттердин илимий иштерине, проекттер менен иштөөгө каржы каражаты университеттин Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен бөлүнүп берилет.

**4.2** Бөлүнүп берилген каржы маселелерин туура сарптоо, аны сарамжалдуу пайдаланууну бөлүм көзөмөлгө алат.